# АЛТЫН ЧӨЙЧӨК

## *кайрыктары*

БИШКЕК — 1998
«УЧКУН» АК

## АК ЖОЛ

Сиздер колго алган бул жыйнакта алыскы Тогуз-Торонун калемчилеринин ырлары жана аңгемелери топтолду. Тогуз-Торонун элдик санжырадагы ысмы: «Алтын-Чөйчөк». Аны атактуу Санчы сынчы койгон. 1993-жылы уюшулган адабий ийрим ошол ысымды энчилеп алган. Анын уюштуруучусу Чекиев Тынчтыкбек. Биринчи жолу алар Макмал орто мектебинин чакан залында алгачкы жыйымын өткөргөн. А генде он үч каламгер болсо, кийин жыйырма жетиге жетти. Ага калеми төшөлгөн акын Кожалиев Жакшылык, Турусбеков Эстебес, Бобукеев Рыскул, Кыдыров Жээнтайлар баш-көз болушкан. Себеби, аталган калемгерлердин бирден, экиден жыйнагы чыгып, борбордук газета-журналдарга ысмы белгилүү эле. Аганы көрүп ини өсөт дегендей, улууларды жолун улап, жаштардын калеми төшөлүүдө.

Тогуз-Торолук көзү өтүп кеткен калемгер, акын Азирет Сыдыковдун «Алп-Тобоок» аттуу жыйнагын жана азыркы «Алтын-Чөйчөк» кайрыктарын чыгарып, ага демилгечи болгон Чекиев Тынчтыкбекке жана акча каражатынан жардам берген Тогуз-Торо акимчилигине сөздүн ыгы келип турганынан пайдаланып, жаш калемгерлердин атынан зор ыраазылыгыбызды билдиребиз.

Ар-бир райондун жетекчилери таланттарды колдоп, аны баалап учуру ыгы келсе көтөрмөлөп турса атаганат. Себеби, элдин төбөсү таланттар менен көтөрүлөт. Ошолор аркылуу эл-жер даңазаланат.

*Садыр САРЫГУЛОВ.*
*жазуучу*

*Рыскулбек* БОБУКЕЕВ

## «МЕНИН МЕДИЧКАМ»

Биз тынчсызданып жаткан жаңы врач эшик ачып: «Саламатсыздарбы» деп кирип келди. Ал катталган марли менен оозу-мурдун калкалап алыптыр. Экөөбүздүн карек-терибиз чагылыша түштү. Ушул арада менин көңүлүмө бир ой тык эте түштү. «Мени карабай кеткени эмнеси» ...Ушундай алсыз кезимде анын колуна түшкөнүмдү карасаң! Тагдыр деген ушул экен да, минтип оорунун азабын тартып коркунучтуу операцияны күтүп турганымда өмүр жолумдагы эң оор окуя аргасыздан эске түшүп, жүрөгүмдү мыжып жатты.

* * *

«...25-июнда Бермет окуусун бүтөт. Тезинен кел!» деген Капардан телеграмма алып эмне кылаар айламды таппадым. Эмне болсо да барышым керек. Телеграфка кирип Берметке «Мени тосуп ал» деп телеграмма жибердим да, автовокзалды көздөй жөнөдүм. Фрунзеден чыккан кечки автобус таң супа салганда Кара-Көлгө жеткирди. Бермет ав-

тостанцияда мени күтүп туруптур. Автобустан түшөөрүм менен ал мага чуркап келип, мойнумдан кучактап калды. Көптөн бери көрүшпөй бири-бирибизди сагынып калыптырбыз. Биздин жаш жүрөктөрүбүз шаттана туйлап, көөдөндү тынымсыз каккылайт. Тоодон суурулуп жаңы чыгып келаткан күн бизди алтын кирпиктери менен тиктеп турду. Махабаттын ушул минутасы жүрөктөрүбүздө түбөлүк сакталып кала берген сыяктанды.

— Ырас келбедиңби. Бүгүн биздин кечебиз болот, катышасыңбы?

— Сен чакырбасаң да өзүм келбедимби.

— Мен сени алыс жолдон кыйналат деп аябадымбы.

— Сен үчүн кыйналсам эч нерсе эмес. Деги окууңду кандай аяктадың?

— Отлично!

— Куттуктайм! — Мен анын колун кыстым.

— Ыракмат!

Ал менин жүзүмдү кылдат карап:

— Асылбек, сен чарчадың. Капардыкында эс ала бер. Биз кыздар менен кечеге кам көрө берели. Макулсуңбу?

— Сага макулмун.

Биз аллея менен келе жатып, Капардын үйүнүн тушуна токтодук. Мен Берметтин колун өзүмө тартып, жаш баладай эркелете кучактап, маңдайынан өөп узаттым...

— Келгениң ырас болбодубу, — деди Капар.

— Қапар, Бермет жөнүндө бардыгын айтчы, угайын.

— Өзүнүн айылынан бир шофер бала асылып жүрөт дейт...

— Чын элеби? Кимден уктуң?

— Шайыр айтты. Андан да Берметтин ата-энеси: «Алыска турмушка чыкпа, окууңду улант», — деп айтып жатыптыр.

— Экөөнүн ортосунда жалгыз кызы болсо, анан кантишет, — деди кошумчалап Шайыр. Муну укканда жүрөгүм муздай түштү.

Мен Қапардын сөзүн уккум келбеди. Бермет жөнүндө жүрөгүмдү өйүгөн ойдо жатып, кирпиктерим илинип кетиптир. Ошондо мен түш көрдүм. Ал түшүм эч качан эсимден чыкпайт.

...Бермет экөөбүз көлдүн жээгинде сейилдеп жүрүптүрбүз. Ал үлбүрөгөн кош этек көйнөк кийип алыптыр. Бешенеси бажырайып, күлкүнүн нуру жүзүнөн төгүлүп, менин катарымда келе жатты. Бирок заматта эле колумдан чыгып, көлгө секирип түшүп, ак ккуга айланды. Мен ага жетүүгө денемди көлгө таштадым. Чабак уруп Берметке жетээримде төө өркөчтөнгөн толкун мени жээкке шилеп чыгарып койду. Ак куу толкундарды аралап улам нарылап тереңдеп баратты. Мен андан ажырап калганыма ичим ачышып, айламды таппай, жээк бойлой чуркап: «Бермет» — деп кыйкырып бараттым. Анан чочуп ойгонуп кеттим. Бул коркунучтуу түш жөнүндө эч кимге ооз ачканым жок. Бермет жөнүндө дүпөйүл ойдо болуп калдым. Жорулбай калган бул тү-

шүмдү кийин өмүрүмдөгү оор окуя менен салыштырып, көрүп, анын каймана маанисинде чындыкка айланганына ушул кезге чейин таңгалам.

Ошол күнү кечинде Бермет мени ээрчитип көчөгө алып барды.

— Биз сизди сыртыңыздан тааныйбыз. Берметтин жигитин көрөлү деп сиздин сүрөтүңүздү бирибизден бирибиз алып таанышканбыз, — деп мага жылмайып карады, көзү ботонун көзүндөй жайнаган дагыстан кызы.

— Биз экөөбүз жарашат бекенбиз, сындап көргүлөчү кыздар? — деди Бермет мени колтуктаган калыбында.

— Ромео менен Жульетадай болуп калат экенсиңер. — Кыздардын баары шарактап күлүп калышты.

— Бермет, — деди дагыстан кыз өңүн сумсайтып, — силер бири-бириңерди өтө эле ысык көрүшпөгүлө, анын акыры өкүнүч менен бүтөт.

Мен анын сөзүн көп деле этибарга алганым жок. Баарыбыз орундукка олтурдук. Бермет менин колтугумдан чыккан жок, экөөбүз карыш ажырагыбыз келбейт. Кечеде каалоо сөздөр айтылып, стакандар назик үн чыгарып шыңгырап, тостор көтөрүлүп жатты. Кечедегилердин көбү кызып, кээлери эшикке чыга баштады. Бермет экөөбүз да сыртка чыктык. Эшик сүттөй жарык эле, ай чынар теректердин кылда чокусунда илинип, кол жеткис бийиктикте жүзүн нурга балкытып турду. Анын шооласы сыябалуу калың бутактардын арасынан бизди шыкаалайт.

— Менин тилимди алчы? Эртелеп үйлөнөлүчү?

— Бир сөздү кайталап айта берүүнүн кереги эмне? Экөөбүз кол кармашып убадалашпадык беле.

— Төрт жылга чейин сени бирөөгө алдырып жиберемби деп корком.

— Коркпогун. Андайлар менен келишпейм. Эгер институтка өтө албай калсам, бир жыл күт.

— Эртелеп үйлөнүп бала-чакалуу болсок...

— Эртерээк балалуу болушту каалабайм. Азыр мен окуп алышым керек. — Ал бул сөздү чечкиндүү айтты.

— Экөөбүз таалайлуу болушка ата-энең каршы эмеспи?

— Апам менин келечегиме мээримдүү карайт. Атам болсо катуу киши, андан корком.

Мен ойлонуп калдым. Мыжыкыйланып кайра-кайра сурай берүүдөн эч нерсе чыкпасын билдим. Бирок эмне кылаарымды билбейм. Ордуман туруп аркы-терки баса баштадым. Олтургучта баятан бери ойлуу олтурган Бермет да тура калып менин мойнума асыла кетти.

— Асылбек, сен үчүн жүрөгүм таза. Менин терс жоопторума капа болбогун.

— Эмнеге капа болом...

— Ошент, капа болбо. Менин оюма кошулсаң. Убакыт тез эле келет. Анан экөөбүздүн сагынычыбыз билинбей жоголуп кетет. Кана, дагы бир жолу макул деп койчу. — Ал алаканын сунду. Ак көңүл жаным эч каршылык көрсөтпөстөн Берметтин сунул-

ган колун кайра кармаладым. Кечеден тараган соң аны жатаканасына жеткирдим да, өзүм Капардыкына келдим.

— Кана, эмне болдуңар? — деди Капар төшөктөн башын көтөрүп.

— Күт деп жатат.

— Сен болбой койбойсуңбу.

— Болбосо эмне кылам.

— Жумшактык кылгансың да, кыз деген наздана берет. Мына таежеңең деле: «Күт, кое тур, окуйм» деп болбой койгонунан ала качып келип эле үйгө киргизип алгам. Деги кыздын көңүлү барбы?

— Бар.

— Бар болсо колунан сүйрөп, үйгө киргизип ташта. Бул жолкудан калсаң иштин бүткөнү.

Унчукпадым, ойлор мени чырмады. Ал түнү уктай да алганым жок. Ары ойлонуп, бери ойлонуп жатып, Капардын айткан оюна да кошулгум келди. Кантип ала качуу керек?..

Берметтин жатаканасына барсам, кроватында ойлуу жатыптыр. Мен кирээрим менен анын жүзүн жылмаюунун нуру чалып, ордунан тура калды.

— Эмне эртелеп келдиң? Уктап эс алган жоксуңбу?

— Бүгүн түштөн кийин кетем. Узатасыңбы?

— Эмнеге кетесиң?

— Эртеңкиге гана жумуштан сурангам, кетишим керек.

— Алда сенин айныганың ай, эртең эле кетсең. Суранам!

Мен болгонум жок. Берметтин ошондогу капкара көздөрү менен мени жалооруй карап турушу жүрөгүмдү сыздатып жиберди.

Мени шаардын сыртына такси менен узатып коюуга Бермет араң макул болду. Ал биздин ичибиздеги сырды кайдан билсин. Түш ооп калганда таксиге түшүп жөнөдүк. Биз шаардан бат эле суурулуп чыктык. Бермет, Капар үчөөбүз хор ырдап бара жатабыз. Таксистке Капар биздин ишибизди жакшылап түшүндүргөн көрүнөт. Машина учуп бараткан сыяктанды. Шаар бизден алда канча артта калды. Ошондо Бермет ырын токтотуп, бир нерсени сезгенсип, ойлоно калды да, андан соң өңү кубара түштү. Ал мени кучактап, жалынып, жалбарып ыйлай баштады. Жанымдай көргөн ушул кызды туткун катары буркуратып ыйлатып, ала качып алып бара жатканым өзүмө жага бербеди.

— Шоферду токтотчу, Капар, — дедим.

— Сен минтип боор оорусаң түбөлүккө аялсыз каласың. Кыз деген барган жерине ыйлап барат. Сага жаркылдап күлүп кыз өзү келмек беле. — Капар мага корсулдап койду.

— Түшкүлө! Мен кайра кетем. «Кыз каршылык көрсөтпөйт» деп айтпадың беле, а бул азыр эмне деп жатат мага! — Шофер бакыра сүйлөп арык жээгине олтуруп калды. Капардын аксымдыгын билип, жини кайнап турган таксист менен мушташа кетпесин деп сыртка кошо чыктым.

— Сени минтет деп ойлогон эмесмин, — деди Бермет менин артымдан чыгып бара жатып.. Ал мени карабастан жол менен жөнөдү. Мен аны колунан кармап токтоттум.

— Тур ары! Жолобо жаныма!

Ушул сөздү укканда денем шалдырап, кулагым көр сыяктуу укпай дүңгүрөй түштү. «Чын эле Берметтин озунан ушул сөз чыктыбы?..»

Бермет алыстагандан алыстап, карааны ак жаандын мунарыгына сиңип жоголгон кезде дүйнөдө эң кымбат көргөн жакын адамдан капысынан түбөлүк ажырап калганымды эми гана түшүндүм. Муунум бошоп, ичимдеги ачуу буулугуну токтото албай, муздак ташка отуруп, эки тиземе ээгимди жөлөп, эки бутумду кырчоолоп кучактап жаш балача шолоктоп ыйладым.

* * *

...Келгениме бир жумага жакын болуп калса, да өткөндөр жөнүндө үн чыгарып койгон жокмун. Эмнегедир ага сөз катып сүйлөөдөн айбыгам. Күн сайын обход учурунда анын келишин күтөм. Ана ачылып турган эшиктен мен күткөн кишим кирип келди. Ал күндөгүсүндөй эле палатадагы ооруларды көрүп, акыры мага келди.

— Саламатчылыгыңыз жакшыбы, приступ кармаган жокпу, бүгүн кандай уктадыңыз? — Сиздин анализиңиз бүт алыңды, операцияга макулсузбу? — Эми эле сонун сезимдер менен кыял чабыттарында ыракаттанып жатып, врачтын бул сөзүн укканда заматта

бүткөн боюм дүркүрөп, жүрөгүмдү коркунуч басты.

— Өлбөймүнбү?

— Өлүм жөнүндө ойлонуштун кереги жок. Оперциядан кийин кадимки калыбыңызда болооруңузга ишенип коюңуз. Ансыз сизге жашоо кыйын, ачыгын айтканда. — Ал өйдө тураарда эти качкан колумду бекем-бекем кармап: «Ойлонуңуз, эртеңкиге чейин» деп эшикке чыгып кетти. Берметтин колумду бекем кысып кетиши жүрөгүмдү жылытып, илдеттүү жаныма дем берип, тобокелге бел байлатып салды.

...Көзүмдү ачсам кроватымда жатыптырмын. Өлбөй калганыма сүйүндүм. Жарык дүйнөдө тирүүчүлүктөн башка эмне артык. Бирок ашказаным коолдап, өз денемдей эмес, ачыштырып ооруттурду, эки капталыма тең кыймылдай албаймын. Аңгыча Бермет кирип келип мага эңкейип, жүзү нур чала жылмайды.

— Эч качан жамандыкты ойлонбой, жакшылык, кубаныч жөнүндө ойлонуңуз.

Ал менин эти качкан ичке билегимди өзүнө тартып, тамырымды кармап, кан басымымды өлчөдү. Жуурканды аста сыйрып, ичимди басып көрдү.

«Менин медичкам». Ал тээ илгерки мага жазган катынын аягына ушул сөздү улап койчу.

*Туратбек ТОСТОКОВ*

## «АЛТЫН-ЧӨЙЧӨКТҮН» ЭЭСИ

*(Уламыш)*

Жазамын — деп, жазалбай дымып калып,
Жаа-алла! — деп көтөрө албай тынып калып,
Канча жыл аракетим жасап келем
Жасканып, кээ бир кезде унут калып,

Акыры арбак колдоп түрткү берип,
Айтору пайда болду менде бир дем
Атадан угуп калган накыл кепти
Угуп калсын урпактар, айтсамбы дейм,

Оо, илгери жоокерчилик заман экен,
Билектин күчү менен оокат кылган.
Арадан акыл чайкап айрымдары,
Артынан калкы ээрчип, алга жылган.

Ошолордун бири экен Тобок бабам.
Оозеки айтылуучу ушул баян
Тукумуна туруктуу жерди издеп,
Алп Тобок жер артып, чалгындаган.

Ала-Тоону Алп Тобок кезип жүрүп,
Купулуна толгон жерди тапкан экен
Сырт жактан душман даабай жергесине
Сырттаның элин аман баккан экен.

Тапкан жери чөйчөктөй аш куюлган
Ошондуктан «Алтын-Чөйчөк» атап койгон.
Бышыкчылык жер экен берекелүү
Дасторкондой бетине даам толгон.

Түбөлүк жашоо жок да бул дүйнөдө,
Кесел чалат Алп Тобокту бир күндөрү.
«Аскалууда» анда айылы жайгашыптыр
Аяздуу, кар оор жылы, кыш түндөрү.

Алпы ооруп, айыл ичи тунжуроодо,
Ага-тууган ичтен сызып, кайгы басып
Оорулуу күндөн-күнгө начарлоодо
Аяктай булчуң бошоп, өңдөн азып.

«Жаман айтпай, жакшы жок», көзү жумулса,
Кандай болот, келечекте биздин тагдыр?
Калкы анын акыл сурап келген тура
Айтсын дешип, ички сырын элдик Баатыр.

Ошондо чыканактап баш көтөрүп,
Бабабыз жүз үйрүбөй, жылмайыптыр:
«Айтайын, айтчу кепти ичке катпай
Жалпы журт кашыма жыйналыптыр.

Каруумду казык кылып калкым сага,
Кызматың өтөп келдим, ыраазы бол
Кырсык басып, мына мен төшөктөмүн
Аз калды, сапар тартаар акыркы жол.
А, силер ынтымактуу жашагыла,
Бир жакадан баш, бир жеңден чыгарып кол!
Жайдын күнү жоо албас,
Кыштын күнү жут албас
«Алтын-Чөйчөк» жериң бар.
Касташкан калың жоо келсе —
Калың кыргыз элиң бар.

Ажал жетип, көз жумсам
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Ак кийизге орогун!
Сере жазап бийиктеп,
Таңып койгун, жазбай
Кийиз оромун!
Кыш аяктап,
«Көк-Арт» ашуу бергенде
Сөөгүм жүктөп, Нар баштаган кербенге
Алып барып, ардак менен койгула.
«Арсланбап-Чарбак» — деген
Кенен жерге!»

Деп, Бабабыз айтып сөзүн акыркы
Ага-тууган, калайык-калк, элине
А дүйнөгө кеткен экен көз жумуп,
«Алтын Чөйчөк» аттуу тапкан жеринен.

## АЙЫЛДА КӨП ӨЗГӨРҮҮ

Ойлуу отуруп, мен турмушка таң калам,
Бир көрүнүш өзгөрүүсүз калбаган
Мекен таккан кызмат өтөп алыста
Айыл жакка көптөн бери барбагам.

Быйыл барсам айылда көп өзгөрүү
Көркке бөлөп, жаздын жашыл көктөмү.
Секелек кыз селки болуп чоңойгон,
Сезим бийлеп, жалт каратат өткөндү.

Билинбестен убакыттар кетилип,
Иничектер жигит болгон жетилип,
Баягыда бирге окуган тентек кыз
Эне болгон эки бала ээрчитип.

Турмуш ушул жашап кумар канбаган,
Ойлоп, ойлоп, мен ушуга таң калам.
Балалык кез алыс калды, көз жетпейт,
Таарынганда таттуу берип алдаган.

## МЕН ЖАКТЫРАМ

Мен каалабайм, пейил күтүү, мансапты,
Мен жек көрөм адамдарды жан бакты.
Пайдакеч да болгум келбейт ашынган
Бир ок менен эки коён атканды.
Биз жашаган эгемендик коомдо,
Мен жактырам Адам деген атакты.

## БОЗ КЫРОО

Боз кыроо.
Чыкыроон жел желп-желп этет.
Жер бети суз, наарazыдай күн табына
Чокулары тоолордун окшоп кетет,
Күмүш сымал атакемдин сакалына.
Таң эртең кыроо чепкен жамынып жер денеси
Чала уйку жылкычыны ичиркентет,
Суу талды күйгүзө албай энеси
«Качан күйөт, үшүдүм», — деп ыйлайт тентек.

## АТА ТАПШЫРМАСЫ

Бир кезде сезим таза наристе кез,
Менде тунук, таттуу ойлор болоор эле.
Жобурап оюмду айтсам апам күлүп,
«Тилегиңден садага!» деп коер эле.

Бир кезде мен жеткилең өспүрүм кез,
Ышкы күч, жетким келчү максатка тез.
Анда атам кончун чоюп маасысынын,
Акылын айтаар эле эртели кеч:

«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде,
Эрездешип эссиздерче көп кезенбе,
Калбаат бол, калдактабай камгак сымал.
Калганы уулум, сенин өз дээриңде!» —

Азыр мезгил жигиттиктин кырчын жашы,
Ата-энемдин аппак болгон сакал, чачы.
А мени миң толгонтуп ойлондурат,
Андагы атакемдин тапшырмасы.

## ӨТКӨН КЕЗДЕН БИР ЭЛЕС

Ал кезекте сен бир селки буралган,
Мен да анда жаш жетилген уландан
Айлуу түндө бирге басып кыналып,
Сүйлөшчү элек чыккычакты кумардан.

Көңүл ачык, эсилише эркелеп,
«Жаман болбос биз үйлөнсөк» дечү элек.
Сени сүйөм, а сенчи деп сурасам,
«Сүйөм» деген сөзүң эстен кете элек.

Ооба, азыр сен башканын аялы,
Текке кетип убадалар баягы,
Үмүттөнтүп анда неге сөз бердиң
Ушул болсо убадаңдын аягы.

Мейли, мейли өттү, кетти ал күндөр,
Мезгил оошуп соолуду го көп гүлдөр
Мен ал кезге суктанамын кайгырбайм,
Жаштык сүйүүм жалбырактап бир бүрдөөр.

Таң калуу жок, баары болот турмушта,
Кесилишет жарыш эки сызык да,
Ал кезектер жашчылыктан бир элес
Улам жаңы өзгөрүүлөр кызык да.

## БАЛДАР БИЗГЕ ДАНАКЕР

Үйдөмүнбү, сырттамынбы, бары бир
Өзүңдү мен жоктобогон кез болбос.
Мен тайысам ниетимден сен тайба
Өмүрлүккө болгон элек биз жолдош.

Тирүү жүрсөм үмүт менден соолбос,
Жатты жат дейт, бөтөн барып өз болбос.
Бул өмүрдүн бир топ жылын тең жашап,
Болдук эле жылуу ордундан козголбос.

Акылымды ачуу жеңип турганда
Азгырылдым ошол менин кылмышым.
Сен кыйылба, кыйылайын чыбыктай,
Аялдардын ичиндеги жылдызым.

Ойлор келет улам жаңы алдыда
Бул турмушту эчак жашап бүткөндөй
Сезим келет сен кечирип бардыгын,
Келеримди эбак эле күткөндөй.

Сенсиң менин жазып бүткүс ырларым,
Кайда болсоң саламатта жүрө бер,
Таарынычың тарайбы деп күтөмүн
Ортобузда балдар бизге данакер.

Ойлой берем, ой артынан ой келет,
Сенин барың мага күчтүү дем берет.
Төштүк жаны өгөөсүндө болгондой,
Менин жаным сенде жүргөн өңдөнөт.

## БАЛДАРГА БАЗАРЛЫК

**Архитектор**

Тентектиги үчүн
Жазаланып Мурат

Атай айыл өкмөтү
№2 Атай айылдык китепканасы
Инв.№ 7332

2—222

Тескери карап,
Бурчка турат.
Ал кыялында — архитектор
Бурчу жок,
Тегерек үйлөрдү курат.

**Убада**

Эки албайм, — деп эч качан
Эмил убада берди, —
Бирок, папа, бул үчүн
Бир тыйын керек — деди, —
Себеби, өчүргүчсүз өчпөйт да
Өңчөй экилер дептердеги.

**Класстан класска көчүү**

«Быйыл класстан класска
көчтүм», — деп мактанды Асан.
— Кантип? — Сурадык андан.
Ал мындайча түшүндүрдү шашпай:
— Былтыр окучумун 2-«А» дан,
А быйыл окуймун 2-«Б» дан».

*Шүкүр ЖУСУЕВ*

## КЕЛ, НООРУЗ

Кел, Нооруз, жериме,
Ырыс чач элиме,
Бакыт ырын ырдашып
Дем кошулсун демине.

Кел, Нооруз, элиме
Береке чач жериме
Ынтымак, достук бекемдеп,
Нур жайнасын бетинде.

## МУГАЛИМ

«А» деген тамганы үйрөткөн,
Дүйнөнү таанытып сүйлөткөн,
Мүнөзү токтоо адамдар
Жаштардын билимин бүрдөткөн.

Агайлар — турмуштун туткасы,
Эжейлер — билимдин устаты,
Күн болуп сезимди жылыткан
Экөө тең жашоонун устаты.

Мектебим — билимдин бешиги,
Мугалим — илимдин эшиги,
Ааламды силерден окудум
Ажырап жамандан жакшыны.

## БАКТЫМДЫ ИЗДЕЙМ

Талаада түркүн гүлдөр көп,
Кулпуртуп шамал ыргаган.
Кээ бирөө терип чогултуп,
Белекке берип жыргаган.

А бирок гүлдүн гүлү бар,
Ак булуттай апаппак
Жыпарын чачып жашартат,
Асырап жакшы сактасаң.

Баардык гүл башка, сен башка,
Алыстан даана көрүнгөн.
Элесиң менен бир жашап,
Бактымды издейм өзүңдөн
Бассам-турсам бир жашап,
Бактымды издейм көзүңдөн.

*Акмат уулу ЖАНАРБЕК*

## КУМАРЛАНУУ

Жүрөктөн ыр жазылат нур чачырап,
Көөдөндөн сыр айтылат, гүл ачылат

Кумарым канбады го ашыгымдан,
Жүзүнөн сүйгөнүмдүн өөп-жыттап.

## КЫРГЫЗ САЛТЫ

Кыргызымдын каада-салты,
Кылым сүргөн аты наркы
Кайра кайтып келе жатат.
Көөнөрбөгөн асыл баркы.

Кыргыз бабам насааттары,
Кары кеби, нускалары
Кыз адеби, жигит ары,
Кулак салчы урпактары.

Келин алып, кыз узаткан,
Кесип тушоо, бала баскан
Келсең алыс сапар тартып
Кеседе суу, башка айланткан.

Каалап тилек, каалап бакыт,
Калдайган журт бата алып
Кандай сонун урмат-сыйлар,
Карың турса колун жайып.

Көрчү укмуш. пейли кенен,
Көлдөй айкөл, чексиз, терең
Кыргызымдын үрп-адаты,
Кастарлаган эзелтеден.

*Майрам ИСМАИЛОВА*

## АПАКЕ, БАЙКАМАКСАН БОЛУП КОЙЧУ

Апаке, байкамаксан болуп койчу
Төгүлө албай турса көздөн жашым
Ал менин таарынычым сизге эмес
Энсөөнүн эң акыркы сагынычы...

Апаке, байкамаксан болуп койчу
Кызында кубаныч турса ашып-ташкан.
Өмүрдүн баркын билер жан болсом да,
Шаттыка жеңил болуп туюлармын.

Апаке, байкамаксан болуп койчу,
Баладай так секиргим келет кээде
Ырыма батыра албай калган ойду
Кыйкырып айткым келет тоо-токойго.

Апаке, кыйындыкты татаал узак
Көтөргөн улуулугуң сезип турат.
Кантемин сен күткөндөй боло албай
Кыз болдум купулуңа арзыбаган.

## СҮЙҮҮ. КҮЗ. ЖАЛГЫЗДЫК

Эмне кылсам депсиң аруу кыз,
Аласалып кетпе айдыңга.
Айлампа, ал турмуш дегенин,
А махабат анда ар кыл да?!

Чексемби же депсиң тамеки,
Же ичсемби депсиң ичкилик.
Жаңылууга бербе өзүңдү
Тагдыр анда сени кечирбес.

Тепсетпегин улуу намысын
Жашоодо ушул кайра бир келбес.
Үмүт дебейм ыйык сезимди
Адам жоктур кейип-кемибес.

Жанын кыйба жашыл курактын,
Жанып кетпес жалгыз толкунга.
Махабатты дайым туу кылып,
Тил тазартып жүргүн дайыма.

## ЖАШООНУН АР КҮНҮ МАЙРАМ ЭМЕС

Сары кар себелеген жаздын алгач
Бул жалгыздыгым сездирдиң не,
Сарасеп салып чыксын дедиң бекен
Сыпайы сыр ачпаган күндөрдү эске?

Терезем үмүтүмдүн жалгыз шамы
Күңүрттөйт... жолун басып бопбоз туман
Айнектен эриген кар көз жаш болуп
Салаалап куюлганын туйдуң бекен?!

Кайдыгер карабасын анык дегем
Камыгып сени күткөн ар мүнөттүн,
Санатып сары кар жаап айтып берер
Сагынып куса болуп күтсөң эгер.

Кызыгын бул жашоонун сезе албаган
Себепсиз ишенимди кирдеттиң не
Кымбатым кылчактасаң таппай калаар
Жашоонун ар бир күнү майрам эмес.

*Кубанычбек МАСЫРАКУНОВ*

## ПАРОДИЯЛАР

### «АТА-ЖУРТ»

Сүйдүм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сени сүйгөн тагдырыма рахмат.
Сенин таттуу, сенин жыттуу жытынды
Жаткым келет көкүрөккө кучактап.

**(Мидин Алыбаев).**

Сүйдүм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сүйгөн үчүн жүрбөймүнбү тамтырап.
Урушсак да ажырашып кете албай
Жүрөбүз биз селсаяктай самтырап.

Сүйдүм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сенин сүйүүң кымбат баалуу жылтырак.
Төшкө таккан седеп болуп калсамчы
Турбайт белем көкүрөктө жалтырап.

Байкабапмын баалу экенин махабат
Сенден асыл аял кайдан табылат.
Сенин сырдуу, сенин чырдуу сөздөрүң
Жүрөгүмдүн үшүн алды сайгылап.

Сүйдүм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сөгө албайт деп сага ишенген мен акмак
Жоголгун!!! — деп бакырганың, чаңырганың элестеп
Бүткөн бойду басып жүрөт калтырак.

Сүйдүм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сени тапкан досторума рахмат.
Жашагыча жаман менен айтышып
Жаткым келет кир жаздыкты кучактап.

* * *

— Алоо, бул сенсиңби кандай, салам!
— Ооба, тааныдыңбы жүрөм аман!
Качан келдиң? — а мен болсо күттүм сени
Сагынычым күчөп, күйүп санаам.

*(Бек Борбиев)*

— Алоо, бул сенсиңби кандай, балам!
— Ооба, ата, таанадыңбы, эртең барам.
— Келбей эле кой каралдым кымбат кезде
Акчаңды мен почтадан өзүм салам.

Андан көрө айтчы менин асыл уулум
Түгөнө элекпи аким берген бекер унуң?
Кумшекериң, кургак эле уучтап жебей,
Суугa чылап кымыранга чыдай тургун.

Телефонду шылдыратып бир далайга
Жалооруп жалдырайт студент атасына,
Бизде бир нан бир төөнүн куну болду
Акча сал деп жалдырайт кайра-кайра.

Акча салам алтыным, асыл уулум,
Ач кылбастыр райондон барган унуң
Айлык тийсе биринчи сага салам
Алладан жардам сурап чыдай тургун...

*Бекказы ИСАКОВ*

## МЕНИН МАХАБАТЫМ

Көңүлүмө түйүп калдым өзүңдү,
Оттой жанып тик караган көзүңдү.
Элесиңди унуталбай турамын
Уккум келип назик чыккан сөзүңдү.

Күлмүң карап, агай! дедиң үн салып,
Кирпигиңди ирмеп койдуң, каш кагып.
Жамалың жарк дегенде, айга окшоп
Жүрөгүм туйлап кетти апкаарып.

Сездиңби, сезбедиңби эч ким билбейт,
Жүрөгүм сени эңсеп, сени сүйлөйт.
Сезимиңди билгизип, сен тымызын
Эстеп жүрчү бир агайдын сүйүүсү деп.

## СҮЙҮҮ ВАЛЬСЫ

Эстейм сени көңүлүмө тутамын,
Жетемби деп, ичтен дайым сызамын.
Кыйналганда анда-санда түш көрөм
Көрүнгөнсүйт тээ алыста караанын.

Элесиңди көргөн сайын алыстан,
Сезимимде жолукkансыйм капыстан
Жүрөк ысып, уялыңкы боломун,
Күтүлбөстөн жаныңа мен барыштан.

Сүйөм, күткүн, сагынычым тарасын
Сүйүү вальсы капа болуп калбасын,
Сезимибиз кетпесе деп алыстап,
Жүрөгүмдөн тилек кымып турамын.

*Мээрим* ЖУСУПОВА

## БАКЫТБЕК

Алты жашар Бакытбек,
Айылдагы бир тентек.
Айткан тилди укпайт да
Ызы-чууда ал жүрөт.
Коңшулардын баарысы,
Бакытбекке нааразы.
Эмне кылсак Бакытбек
Оң жолго ал түшөт?
Оңолот деп Бакытбек
Кошуналары күтүшөт.

## КУБАТАЙ

Кичинекей Кубатай,
Мүнөзү бир кызык ай.
Булдуруктап сүйлөсө
Баарыбызга жыргал ай.

Кээде ырдап үн созуп,
Бирде апалап ыйлайсың,
Кээде баарын унутуп,
Көшүлүп, Кубат, уктайсың.

*Токтобүбү* БЕКЕЕВА

## САЙМАЛУУ—ТАШ

Саймалуу-Таш түшүмө кирип дайым,
Түшүнө албай, түйшөлөм маани-жайын.
Ташка бүткөн табышмак тили менен
Тарых сырын айткансыйт ал, ансайын...
    Саймалуу-Таш түшүмө кирет дайым...

Саймалуу-Таш!.. Көрбөгөн ыйык жайды,
Көрбөгөндөй эзелки Эне-Сайды...

А, түшүмдө түшүнүксүз саймерденден
Өз элимдин тарыхын баяндайбы?..
    Саймалуу-Таш!.. Көрсөм дейм, ыйык жайды...

Саймалуу-Таш, канчага катат сырын?
Баш катырды адамзат канча кылым!
Акыл менен ааламды багынтсак да,
Табалбадык таштагы тамга сырын...
    Саймалуу-Таш, аялуу анча сырың?

Саймалуу-Таш, сумсайбай сырың аччы
Табият таш бетине нени жазды?
Балким, биздин бабалар урпагына,
Мурас кылып калтырган ыйык катпы?
    Саймалуу-Таш, суранам, сырыңды аччы?..

*Жыргалбек АКИМБАЕВ*

## АЙЫЛЫМ

Тоо койнунан орун алган айылым,
Мен айтайын анын бир аз дайынын,
Сүрөттөөгө чындыгында сөз жетпейт
Сулуулугун тоо түзүнүн сайынын.

Тоосунда өсөт ышкын менен карагат,
Мөңгүлөрдөн көз тайгылып жаш тамат.
Бийик өсөт чөбү болсо аябай
Баса албайсың балтырканын аралап.

Оронубуз «Алтын-Чөйчөк» аталган,
Айылымдын аты болсо Казарман.
Алтын чыгып тоолорунан ченемсиз,
Бүгүн өсүп, бүгүн укмуш жасанган.

Төрт, беш кабат үйлөр катар салынган,
Айрып алгыс анча-мынча шаарыңдан,
Ыраазы болуп төрдө олтурган карылар
Жаркыраган заманына жалынган.

## КОТОРМОЛОР

*(С. Есенинден)*

Сен айттың го Саади деген,
Сүйчү эле деп көөдөндөн.
Күтө тургун мезгил келер
Мен да ага үйрөнгөн.

Сен ырдадың Ефраттын артынан
Сулуулардан розалар артык деп,
Эгер сөзгө чебер болсом аябай
Андан бөлөк айтар элем башка кеп.

Розаларды ушул турган кыймакмын
Анткендигим бир кубаныч өзүмдө,
Артык нерсе жок болсо деп ойлоймун
Шаганемден бүткүл дүйнө жүзүндө.

Талап коюп кыйнабагын бекерге
Менде жок ко сага коер талабым.
Акын болуп жаралган соң дүйнөгө,
Акын катар өткөн бойдон каламын.

*(М. Ю. Лермонтовдон)*

Ыйык жердин эшигинин алдында
Жарды турат өткөндөрдөн тиленип,
Кайгы тарткан, карды ачкан
Араң жандуу сүйрөлүп.

Суранганы сындырым нан,
Көздөрүндө жандуу кайгы,
Кимдир бирөө сунган колго
Нан ордуна ташты салды.

Мен да андай төгүп жашты
Сурангамын сүйүүндү,
Алданылып тунук сезим
Сен тараптан булунду...

*Бактыбек НАЗАРМАТОВ*

## ТАШ-РАБАТ

*(Тарыхый эстелигине)*

Таш-Рабат эстелиги тарыхтын,
Кимдер билет канча кылым карыттың.
Улап келген улуу доордун учугун,
Күбөсүсүң жакын менен алыстын.

Тагдыр насип буйруп менин багыма,
Мына бүгүн келип турам жаныңа.
Көксөөм канбас көрө коюп бир эле
Туз буюрса келем кайра дагы да.

Көк тиктесе түндүгүндүн төбөсү,
Көрүнгөнсүйт кербендердин элеси.
Коюнунда жаткан чыгаар чачышып,
Доор карыткан жибек жолдун желеси.

Сени кандай устат колго алды экен,
Кантип жана кандай кылып салды экен,
Ушул сени салган чебер устаттын
Табыттары кайсы жерде калды экен.

Балким анын күнү эрте баткандыр,
Моюн сунуп оо дүйнөгө шашкандыр.
Балким ушул ыйык жерди кайтарып,
Биз билбеген көрүстөндө жаткандыр.

Таш-Рабат таштан бүткөн эстелик,
Билбесем да ички дүйнөң текшерип,
Сырткы кейпиң деле айтып тургансыйт
Өткөн доордун оор күндөрүн эскерип.

## ВЕТЕРАН

Келбесем да кандуу майдан ичинен,
Согуш сырын абдан жакшы түшүнөм.
Залалдарын дале көрүп жүрөбүз
Тирүү жүргөн аталардын изинен.

Бирөө бутун, бирөө колун алдырган,
Эл журт үчүн бирөө көзүн калтырган.
Мунун баары өткөн согуш азабы
Жакшы байкап карап көрсөк алдыртан.

Жеңиш үчүн болуп бүткүл далаалат,
Кандар агып арык болуп салаалап,
Кээ бирөөнүн денесинде осколька
Дале жүрөт айыктырбай жаралап.

Өрткө оронуп, турса дагы бүт аалам
Болгон эмес артка качып эки аран,
Мен дүйнөдө кымбат көргөн адамым
Согуш жолун басып өткөн ветеран.

## ТАРТПАСТАН БЕРЧИ КОЛУҢДУ

Гүлзарга ырын арнаган,
Гүлдөн бир гүлдүү тандаган,
Кыз турат кыргый мүчөлүү
Аргасыз көңүл байланган.

Сыласа тоонун шамалы,
Албырып желге жамалы,
Ашыктык отун жандырат
Сан-санга бөлүп санааны.

Көз түшүп тараз боюна,
Ыргытып чалма оюна,
Шериктеш болуп өтсөм дейм
Кондуруп алып колума.

Бул оюм менин орундуу,
Тоссом дейм эми жолуңду.
Тагдырым мага көргөздү
Тартпастан берчи колуңду.

*Акимаалы ЖОЛЧИЕВ*

## НАРЫН

Кылымдап, бир калыпта жазбай шарын,
Кыргыздын ырысына агып дайым,
Миңдеген жылдарды сен басып өттүң
Мынакей, бүгүн жашсың дагы Нарын.

Жээкке буркан-шаркан тийип агым,
Көптөгөн, майда суунун кошуп баарын,
Жараттың Арал аттуу чоң деңизди
Карт тарых, баян кылат мунун дайынын.

ГЭС салып, сенден алып жарык шамын,
Курду элим, айлана оңдоп шаарын,
Мурунку ээн жаткан тентек ууга
Гүлдөттү, боз талаанын ачып багын

Баш жакта тоолук шаарың, өз атыңдан,
Тасма жол, завод, тамдар катар турган.
Көбөйүп өсүп жатат курулуштар
Карачы, касиеттүү сенден улам

Күүлөнүп агат тынбай сенин шарың
Күн санап, өсүп жанат дагы Нарын
Таанылды бүт элиме, мекениме
Бул Нарын, сенин наамың, сүйгөн шаарым.

## ТУУРА КАЙЫҢ

Акындар ырга жазат жердин жайын,
Атына эл кызыгат, Туура Кайың
Оюнда тунук суун, шаркыраса
Тескейде суктандырат бадалдарың.

Тоосунда аюу, кийик, илбирс жүрөт,
Бетинде карагаты, кайың бүрдөп.
Күңгөйдө ышкын, билек, балтыркандар
Семирип дыйкан малы, жайда түлөп.

Жайлоосу кыргызымдын миң кубулат,
Чокусун аппак карлар курчап турат.
Атайылап көрүп келген меймандарды
Керемет көркү менен кызыктырат.

*Иманмазан АБАЛИЕВ*

* * *

Бул дүйнөдөн өтөт тура бир опасыз
Ойлойсуң «жашайм» го деп эч капасыз.
Карт тарых айтса да бул жөнүндө
Ар адам аны кайра жаңы аласыз.

Турмушта төрөлүү бар, өлүү да бар
Тагдырдан кайда кетип биз качабыз,
Адамда сыйлоо да бар, жек көрүү бар
Жараткан, неге минтип жаратасыз.

Жалгандан бир тууганым өтүп кетти,
Адамга бир жамандык каалабаган.
Жаш төктүм, жүрөк сыздап аны жоктоп
Арман ай! Кайсы жерден жаздым саган,

Жүрүшөт шапар тээп көп акмактар.
«Киши» — деп башка адамды санабаган
Тилеймин теңиримден күнү-түнү
Балдарың болсо экен деп, эсен-аман.

«Жамандык кылганга, сен жакшылык кыл».
«Таш менен урганды сен аш менен ур»,
Деп айтчу асыл атам мага дайым,
Ал дайым ушул насаат эсимде тур.

Оору деп эң жаманы адамзатка
Ошого күрөш үчүн врач болдум.
Күрөшүп адамзатка келген дартка,
Арман ай! Ошол үчүн сотто болдум.

Кыйналып бул турмуштун азабынан
Алыстап мен баратам балдарыман.

Сагынып жыттап-жыттап алгым келет,
Мирланым, Чолпонумдун маңдайынан.
Эгерде менден кеткен күнөө болсо
Кечирим сурамакмын тагдырымдан.

*Айдарбек ЖАПАРОВ*

## ЭМНЕ КЫЗЫК

Акындай жазбай кеткен ырлар кызык,
Акылман айтпай калган сырлар кызык,
Апыртып ак-караны ылгабастан,
Асылып артына айткан сындар кызык.

Алың жетпей күрөшсөң да ажал алса,
Алдыда көрбөй калган жыргал кызык,
Анан да максатына жеткирбестен,
Адамды алып кеткен, жылдар кызык.

Ашыгына жетпеген сүйүү кызык,
Арсыздарга калпеле күйүү кызык,
Акыры тамырлабай өсүп-өнүп,
Астыртан кыкка айланып чирүү кызык.
Акылга салып туруп жаралган соң
Ааламдын бүт сырларын билүү кызык.

## САРЫ АКЫН!

*(Байдылда Сарногоевге)*

Жок болгон менен Манасым,
Жоголбой турат Таласым.
Өлгөнү менен Манасым,
Ордунда турат Таласым.

Өлдү деп деги ким айтат,
Кыргыздын баатыр Манасын.
Байдылда, Чыңгыз, Эстебес —
Азыркы тирүү Манасым.

Таласта талант деген көп
Чегинен издеп табасың,
Өлбөсө деймин өзгөчө
Байдылда деген Сары акын!

## ТОГУЗ-ТОРОМ ЖҮРӨГҮМ

Тогуз-Тором жүрөгүм,
Тоо койнунда түнөгүң,
Тосуп койгон чепке окшош
Тоолорунду сүйөмүн!

Берекеси төгүлгөн,
Байлыкка мол жериңден,
Кагылайын миң ирээт
Карапайым элиңден!

Ата-бабам жердеген,
Алтын Чөйчөк жер менен
Толкунданып кубанам
Тогуз-Тором сен менен!

## КАЙТАЛАП КОЙ

Сен каткырдың, мен да күлдүм, каткырдым.
Капалыкты күлкү менен азгырдым!
Калса дагы кара-чачка ак кирип,
Бала кылдың, балапандай жаш кылдың!

Сен сүйлөдүн, мен жаагымды жап кылдым,
Сүйлө дедиң, белекке гүл тапшырдым.
Күлүмсүрөп күлө сүйлөп наздана
Ай, карындаш, арак сунбай мас кылдың

Мага сүйкүм элесинди калтырдың.
Сен каткырдын, мен да күлдүм, каткырдым
Сенин шайыр мүнөзүңдү жактырдым.
Нечен түн таттуу уйкудан калгандырсың.
Сүйөм деп бир кайталап кой, алтыным.

*Азирет* СЫДЫКОВ

## ЭНЕ

Жок кезде барга айлантып таптың, эне,
Он айлап жүк көтөрүп бастың, эне.
Оорлотуп соо саламат өзүңүздү,
Уулуңдун зор түйшүгүн тарттың, эне.

Мээримдүү ак пейилдүү кутман эне,
Нечен түн таттуу уйкудан калгандырсың.
Берекем кырсыгы жок чоңойсо деп,
Тынчыңды ар убакта алгандырсың.

Кубанам эр жетилтип койгонуңа,
Кошулам өтө асыл ойлоруңа.
Өзүңө өмүрүмчө милдеттүүмүн,
Антым бул, асыл эне, ишен буга.

## ТАҢКЫ КОШТОШУУ

Айлана тыптынч караңгы,
Ойлонтот турган адамды,
Сыдырым таңкы жел менен,
Сырдашка айтам саламды.

Көрүнбөйт көзгө айлана,
Сагынып турдум жай гана.
Жоодурап турбайт жанымда,
Жүрөгүм сүйгөн жар гана.

Бетимден сылап таңкы жел,
Көңүлдү турат көтөрүп.
Сагынбай тургун саламат,
Жол алыс биз да кетелик.

*Турсуналы* КЫДЫКОВ

## КЫЗЫМА

Кызыкпай атыр-упага,
Кыргыз кыз болгун садага.
Мода деп болбос немени
Боюңа бүтүн жамаба.

Күзгүнү коюп жаныңа,
Күн чыкканча таранба.
Сулуулук деген эмгекте
Суктангын кызым ага да

Аталык айтаар кеңешим
Көргөн эл жаман дебесин.
Адамдык сында өсө көр
Эмгектин тартып жебесин.

## СЕЗИМИМ

Акын эмес чындыгында кесибим,
Издеп жүрөм акындыктын эшигин.
Көксөгөнүм, тилегеним амандык,
Көп ичсем деп акындардын кешигин.
Акын десем эргүү бүтүп канатчан.
Айга уччуудай аша чабат сезимим.

Акындардын атын уксам кубанам,
Текке кетпес ушул менин убарам.
Жазгандарым жетпей калса максатка,
Ачуум келип уу ичкендей кубарам.
Аткарылаар алдымдагы максатым,
Ыр саптарын кыш койгондой курасам.

*Жээнтай КЫДЫРОВ*

## ЭҢСӨӨ

Азаптуу, чын тозокту башыма үйүп,
Эмнеге калдым экен сени сүйүп.
Сызылып айлар, жылдар өткөн сайын,
Келемин чокко түшүп, отко күйүп.

Эмнеге менин баскан жолум татаал,
Эмнеге мен жашаган мезгил катаал.
Сезилет мен бул тордон чыгалбастай,
Ой келип уйгу-туйгу баш адашаар.

Пегасты ноктолодум минип чыктым,
Канатын сыладым го лира куштун.
Поэзия жандап келет бетим сылап,
Сездим мен кереметин бул укмуштун.

Билгизип ыраазылык мезгилиме,
Жалбарып, минтип айттым өз дилиме:
«Лира куш бооңду үзүп, колдон чыкпа,
Сезимди ара жолго таштап кетпе.
Пегасым, канат талып жерге түшпө,
Адашып, сазга батпа баткак кечпе».

Чоң турмуш агып жатат өмүр улап,
Сезим — күч, демди берип күндө жаңы.
Жана да жаштык барат улам кулап.
Суугa окшоп, агып түшкөн аскадагы.

Мейли аксын, агып түшсүн түгөнгүчө,
Амал жок, мүмкүн эмес токтотууга.
Аттиң ай бирок колдон келсе кана,
Өмүрдү мөлтүр сууга окшотууга.

## М У Ң

Өзүмдү жүргөн экем залкар ойлоп,
Өмүрдө күн өткөрүп, күлүп ойноп.
Өзгөнү майтарылтып кара өзгөйгө,
Өзөндө мөлтүр суунун жээгин бойлоп.

Көрсө ал экен жаштын шатчылыгы,
Турмуштун жакшы жагы, каткырыгы.
Таяктын болот тура эки учу.
Жашоонун болот тура касчылыгы.

Аңтарылдым каран түндү көргөндө,
Эстен кеттим сүйгөн жарым өлгөндө.
Мүдүрүлүп, мүңкүрөдүм жай таппай.
О жараткан! Жашоомду жара чаап бөлгөндө.

Билсемчи өмүрүмдө жаңылганым.
Көрсөмчү көзүм сокур болуп калбай.
Төбөмдө улуу Асмандын чагылганын.
Уксамчы кулак дүлөй болуп калбай,
Жашоонун күү-шаа этип жаңырганын.

Ээ, досум, эми чындап белсинейин.
Жашоону бек кучактап мен сүйөйүн.
Жалганды боорго тээп, жанчыгылап,
Өмүрдү чындык үчүн энчилейин.

## СЕН КИМСИҢ?

Сен кимсиң куса болуп, зарлап күткөн,
Сен кимсиң ойлосом да көрбөс түштөн.
Өмүрдүн кыя жолун бирге басып,
Сен кимсиң тагдырларга кошо түткөн.

Сен кимсиң капкалануу шаар салдырган,
Сен кимсиң делебемди таң калдырган?
Кыйналып турмушумда жабыр тартсам,
Сен кимсиң жан дүйнөмдү шаңдандырган.

Муңканган көңүлүмдү сабыркатпай,
Сен кимсиң жан дүйнөмө тете келген?
Жашоонун жалбызына шайкеш болуп,
Сабалап, ынтызаарга жете келген.

Белекке жардан калган балдарыма,
Сабылган, жүрөгүнө аео толгон.
Жабыркап, мени менен дити бирге,
Сен кимсиң жалын болуп алоолонгон.

Аңтарып, көкүрөк тээп азоолонткон,
А балким чоң турмуштун арымыдыр.
А балким купуялап сырын каткан,
Өмүрдүн алдыдагы жарымыдыр.

## ЭГЕР БАР БОЛСОҢ

Тагдырдын татаал жибин ыдыратып,
Асылым экөөбүзгө эмне болду?
Алсырап мүңкүрөнүп ээн калдым,
Ажыроо ушунчалык оп-оңойбу?

Эгер сен бар болсоң бул дүйнөдө,
Издейин дербиш болуп, дүйнө кезип.
Эгерде наркы өйүздөн үнүң чыкса,
Өтөйүн ташкындаган дайра кечип.

Эгерде сен бар болсоң бул дүйнөдө,
Жанар тоо атылгандай күчтү сезип,
Сен үчүн жүрөгүмдүн оту менен,
Барайын тоскон тоону көзөп өтүп.

## ТУРДУБҮШ АБДЫКЕРИМОВНАга

Салдыңыз чоң жолуна, багыт берип,
Турмуштун чубалжыган, узун-узун,
Ар дайым акыл насаат сөздү айтып,
Карматып чылбырыңдын бир жак учун.

Жүргөмүн айтпай али алкышымды,
Көңүлдүн түпкүрүндө пирим тутуп.
Жүрөктүн ак пейилин багыштасам,
Жүйөөлүү сөзүм таппай энсөө жутуп.

Көрдүм мен бул жашоонун ойун, тоосун,
Мүдүрүлтүп кулаткан аска-зоосун,
Бирок да мүңкүрөбөй быт-чыт үзүп,
Келемин чырмалаган каршы боосун.

Кезикти жакшы адамдар, жөлөк болгон,
Пейлин салып, дитим менен биргелешкен.

Антсе да бул жашоонун татаалдыгы ай,
Кур калбадым көрө албаган кара ниеттен.

Белегим: ниеттен чыккан чакан саптык,
Тилегим: узун өмүр, көңүл шаттык.
Бар болуп аман-эсен жерибизде,
Жүрүңүз насаат айтып элиңизге.

*Эстебес* ТУРУСБЕКОВ

## ЧЫМЫН АЙЫЛЫ

Салаа, салаа коктуларда,
Ыргалат кырчын, кайыңы.
Көрк кошуп быткыл адырга,
Көк тирейт Чымын айылы.

Искесем, жутуп абасын,
Чаалыккан денем чер жазат.
Коктусундай кең пейил,
Чымын уулу эл жашайт.

Көрбөй калсам айылымды,
Көксөймүн, эргип сагынам.
Атуулумун анткени,
Сыймыктанам, кубанам.

*Мамбетжума* КӨЧӨРБАЕВ

## КЫЗЫМА

Атына заты жарашкан,
Уртуңдан күлсөң таң аткан.
Ата деп тоссоң алдымдан
Мөлтүлдөп эрип барат жан.

Чарчасам жанда эрмегим,
Кыйналсам күчтөп демдөөрүм,

Көрүүгө эки көз болгон
Карегим белең сен менин.

Айга окшоп жүзүң таңдагы
Турганда жанда ар дайым,
Дүнүйөм түгөл болгонсуйт
Унутуп баардык калганын.

Улам жаш өтсө картайып,
Кеткенде күчтөн, ал тайып
Болоор деп бизге мээримдүү
Атыңды койгом Мээрим деп.

## ЭНЕМЕ

Бөпөлөп бизди чоңойткон
Энекем менин жөлөгүм.
Кыйналсам кошо кыйналган
Көрбөдүм сенден бөлөгүн.

Калганда эмчек зыркырап,
Бушайман болуп өзүнчө,
Кобурап басып калчу элең
Болсо деп уулум эсең-соо.

Эр жетип, жигит болсом да,
Жалбарган күнүң эсимде,
Азыр мен тилейм, тилегим
Жүрсө деп сени эсең-соо.

*Нурадил* РЫСПАЕВ

## АЖАЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Мейлиң ажал, сенден кантип качайын,
Ээрчип сени түп сапарга барайын,
Тоо койнунда топ ойногон бала элем,
Токтой турчу, тоону жазып алайын.

Кантип ажал сенден коркуп калайын,
А кантип мен караанынды самайын,
Күндүн нуру көрбөстүрмүн көрүндөн
Күтө турчу, күндү жазып алайын.

Алдың жандын мага чейин далайын,
Аргам да жок артыңдан мен барайын,
Ай толгондо ойночу элем ак чөлмөк
Ашыктырба, айды жазып алайын.

Жаштыгымдын жанар тоосун жарайын,
Жаштык отун акыркы ирээт жагайын,
Жалынына эң акыркы ырымдын
Шаштырбачы, шам күйгүзүп алайын.

## ЭЗИЛМЕ

— Досум, сүйгөнүң ким?
— Кайненемдин кичүү кызы
— А, кайненең ким?
— Кайнатамдын байбичеси.
— О кокуй, кайнатаң ким эле?
— Ал, сүйгөнүмдүн өз атасы.
— И, ошо сүйгөнүң ким?
— Ал, кайнагамдын карындашы.
— Ту иттики, кайындарыңдын аты жокпу?
— Ээй шордуу досум!
Кайнатам сенин атаң,
Кайненем сенин апаң,
Кайнагам сенсиң, акмак
Атыңардан кантип айтам.

## Т Ү Ш

Түшүмдө сени көрдүм
Көздөрүн толгон айдай жанып турат,
А бирок жаш мөлмүлдөп агып турат.
Аккан жаш толуп кетти деңиз болуп,
Жете албай жээкте турам кайык сурап.

Ооба, сен түшкө кирдиң,
Деңизге дале жашың агып жатат.
Жээги да улам алыс калып барат,
Ак куудай сууда калкып сен турасың.

Неге сен түшкө кирдин?
Неликтен ыйлап турдуң маңдайымда
Жок жаным, билем мени аядың да!
Аясаң эмнеге анан сооронбодуң
Жээк келип алыс калдым аягында.

Дагы бир түшкө кирчи,
Суранам, бирок эркем ыйлабачы,
Жаралуу жүрөгүмдү кыйнабачы,
Жаш төгүлүп улам мени алыстатпай
Колуңду «бери кел» деп булгалачы.

*Анара БОРЖУЕВА*

## ЫР КЕЧЕСИНЕН...

Турмуш улам агылып,
Ал көчөдө басылбай кыяк үнү
Бүтөөрүнө аз калды,
Эски жылдын биз сагынчу
Жылдыздуу тунук түнү.
Кулагымда жаңырат
Бабалардын мурасы — «Насыйкаты»,
Бизге арнап кылымдарга
Сакталган акыйкаты.
Кеч жана биз, беш-алты жазгандыр...
«Ак-Марал», «Ак насыйкат», «Сынган бугу»
Көшүлүп, кыш да сыртта
Кулагымда жаңырат,
Ал жигиттин тунук ыры,
Ачылып бабалардын алтын сыры,
Турмуш улам ачылып,
Ал көчөдө эски жыл кеч калгандай,
Олтурабыз беш-алты ыр жазгандар.
Көздү жуумп, өткөн чакты эске салсаң,
Алдыга булбул тарткан элес келет

Жылкычы укурукчан үйүр кайрып,
Кулундар оюн салып эркелешет.

Кыркы-кырка тизилип көчтөр өтөт,
Жүк үстүндө термелет бош көнөчөк,
Мени өңөрүп, көч алдында бара жатат
Чоң энем тигинекей, ак элечек.

Чаначтар барсайышат канжыгада
Атакем суусун сурайт токтоп жолдон,
Кербенге көөкөрдөн кымыз куюп,
Апакем сунат ага, мээрим колдон.

Ой келет көкүрөк тээп, аппак тилек
Үмүттөр салааланып ашып-ташат,
Издесем балалыгым, оо андагы,
Изине каткан тура бир асыл зат.

Мынакей, баралына жеттиң эми
Геологдор шаар салып, кен издеди.
Унутпассың түзөңүндө тай үйрөтүп,
Ышкынын терип жеген бала мени.

*Эльмира АБДЫБЕКОВА*

## ЧОҢ АПАМА

Насыят сөзүн уксам карыянын,
Жанынан кетким келбейт жарым карыш.
Маңыздуу ширин экен сөздөрүңүз
Айтыңыз, айтыңызчы дагы угайын.

Деп олтурсам карыянын жанында мен,
Өзүмдү эң бактылуу адам сезем.
Күлмүңдөп көздөрүңүз жайнап турса
Мурунку муундарды элестетем.

Айтсаңыз махабаттын бир дастанын,
Же айтыңыз насыят ыр саптарын,
Угайын эң бир назик сезим менен
Угайын узун жомок дастандарын...

*Кедей* КАЛДЫБАЕВ

## ДӨДӨМӨЛ

Дөдөмөл жер соорусу элге дайын
Аба таза, жерим салкын, күндө дайым
Кут кылам куттуктаймын, өз жеримди
Эртели-кеч уктап жатып турган сайын

Кош-Булак кош киндиктүү суун кенен
Ийри-Суу, Беш-Көл ыйык жериң менен,
Көркүнөн айланайын асыл жерим
Көргөндө балкып турат бүткүл денем.

Жериме мол береке туш болсун дейм,
Жериме бакыт-таалай кут консун дейм,
Жеримде элим менин эмгек кылып,
Жеримде мал-жан өсүп, тынч болсун дейм.

## БЕШ КӨЛҮМ

Беш Көлүм, берекелүү жерим сенсиң,
Байлыгың мол түгөнбөгөн туздуу кенсиң.
Жаз-күзү малчы, данчы жайлап-күздөйт
Адамга абаң таза, кубат-демсиң

Беш Көлүм, берекелүү чөбүң кенен,
Сулуусуң суктандырган көркүң менен,
Жакшына төрлөрүңү араласам
Бой балкып өзүмчө эле толкуп кетем.

*Мокуш* КАРАБАГЫШЕВ

## ТОГУЗ-ТОРОНУН БАЛБАНДАРЫ

*(Токон балбанды эскерүү)*

Кылкылдаган кытайдан балбан жыккан,
Ат көтөргүс алп атабыз Тобоок чыккан.
Эки адамды жөө көтөрүп келген экен,
Бул сөздөр айтылбайт го жалгандыктан.

Ким билбейт, Абдыманап, Жаркынбайды,
Эр мүчө, жолборс билек балбандарды.
Эл ичинде унутулбай айтылууда
Эр эңиш, күрөштөрдөн алгандары.

Атактуу Аккөз балбан Сатыбалды
Намыс үчүн далай жерден мөөрөй алды.
Эскилерден бул экөөнүн көзү турат
Насаат айтып, сынап жүрөт жаш балдарды.

Үмүтүбүз кенен эле болочоктон
Эрте кеттиң арабыздан кайран Токон.
Ажалдан араачалар дабаа калбай,
Айрылып кала берди айла жоктон.

Жылдар өтүп, айлар чубап, күндөр өтөөр,
Аркасынан апапакай таңдар атаар.
«Алтын чөйчөк» балбан тууган бар эмеспи
Артыбыздан балбандары өсүп чыгаар.

*Жеңиш МАМЫРОВА*

## КИЧИНЕМ

Берекем менин кичинем,
Жалынам сага ичимден.
Үйдөгү сени ойлосом,
Алагды болом ишимден.

Жумуштан келсем кечинде
Мен келээр убак эсиңде,
Күтүнүп бир аз кечиксем,
Турасың жолдун четинде.

Кечке чейин сагынып,
Карайсың жолум зарыгып.
Караанымды көргөндө
Элжирейт жүрөк жалынып.

*Айнура АСАНАЛИЕВА*

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ

Окуу бүтүп аттестатты колго алып,
Мектеп менен коштошо албай кыйналып,
Жакындагы окуучулук күндөрүң
Көз алдыңдан өтүп жатты чубалып.

Мына мектеп, босогосун аттадың,
Өз классың кылчак-кылчак карадың.
Эми мектеп, кош бол эми — дедиң да,
Өз бетиңе көз жашыңды шыбадың.

Классташтар коштошушту «кош-кош» деп,
— Мен сельхозго, мен женпедке барам деп.
Ар кимиси бир кесипти тандашты,
— Эми эптеп өтүп кетсек экен — деп.

*Акан АБДЫМАМБЕТОВ*

## ТОГУЗ-ТОРО ЖАНА УРПАКТАР

Оо Тогуз-Тороом!
Түштүгүндө сырды каткан «Сайма-Таш»,
Кабар берет, өткөн сенден канча жаш.
Урпактарды ойго салат капырай,
Эмне үчүн, сырын ачпайт сырдуу таш.
Ар түркүн кереметти жомоктоп,
Таш боорунда сүрөттөргө катат баш.

Оо Тогуз-Тороом!
Түштүгүндө көк тиреген «Бугу-Төө»,
«Манас сөзү» этегинде жатат го.
Чыгышында «Аккууланын тулпар таш»,
Кабар берет, Манас жашап өткөн го.

Оо Тогуз-Тороом!
Урпактарың, эзелтеден келген жоого сак болот,
Кокусунан көлгө түшкөн Жанболот.
Эл намысын, эр намысын көп ойлоп,
Алып келген кытайлардан алп Тобок.
Бул чындыкка ой жүгүртүп карасаң,
Урпактарың баатыр кыргыз эл болот.

*Райымжан БИРИМБАЕВ*

## КЫРГЫЗЫМ

Кыргызым, сенин дилиң — менин дилим,
Кыргызым, сенин тилиң — менин тилим,
Кыргыз болуп жаралып бул дүйнөгө
Кыргыз бойдон өтмөкчү өмүр күнүм.

Эне тилим — кыргыз тил, сүйөм бекем,
Эне тилин жериген ким бар экен...
Өкүнтөрлүк, бирок бир жоругуңа
Өрттөнбөйүн десем да, түтөп кетем...

Эркелетип наристе балабызды,
Эмизебиз аппапак мамабызды,
«Эне» деген сөз турса «мамалатып»
Эмне биз «эмчек» болуп калабызбы?!

Күйөсүң деп эскертип балабызды
«Папа» дейбиз ысыкты, танабызбы?
«Ата» деген алтын сөз четке чыгып,
«Ысык» деген рахат алабызбы?!

Эне тилдин башаты «эне», «ата»
Эстүү пенде сөзүмдү көрбөс ката.
Кыргызмын деп айтуунун кажети не,
«Ата» дебей балдарың папаласа?!

*Жакшылык КОЖАЛИЕВ*

## АРДАГЕРЛЕРГЕ

Илгертен айтылган сөз уламада,
Карыга урмат көрсөт, капа кылба,
Жаштарга аралашып көркүн берет
Басканы, айткан сөзү нуска-нуска.
Чогула мүйүз тарта олтурушса,
Мезгилге үндөш көксүйт кайра жана.

Ардагер турмуш мен көп сырдашкан,
Добуштан болоор ишти билип турган

Жолуңдан адашканда багыт берип,
Карылык сөзүн айтып жөнгө салган.
Турмуштан өз энчисин алышкансып,
Жаштарга суктанышып медер туткан.

Кары-жаш бул турмушка катар келген,
Улуулар кичүүлөргө жол көрсөткөн.
Турмушта туюктардан жолдор издеп
Чаалыга келечектен үмүттөнгөн.
Ашуусун аталардын өтө албаган,
Багынтып урпактары улап кеткен.

*Сейитбек ТАБАЛДИЕВ*

## МЕН ДАГЫ АКЫН БОЛСОМ ДЕЙМ

Темиркулдун мен окудум ырларын
Келатасыз элдин жазып жыргалын,
Мен белимин согушта да талбастан
Жеңебиз деп далай ырды ырдадың.
Жүрөгүнөн такыр кетпес элимдин
Мекен үчүн зор кызматты кылганың.

Окуп дайым Кубанычбек аганын
Ырларынан бермет-шуру тагамын.
Жаш жеткинчек, уул-кызга айтылган.
Насыят сөз асылдарын табамын
Агалардай мен дагы акын болсом дейм.
Ар бир сөзү менин болуп сабагым.

# МАЗМУНУ


РЫСКУЛБЕК БОБУКЕЕВ

«Менин медичкам» (аңгеме) . . . . . 4

ТУРАТБЕК ТОСТОКОВ

«Алтын-Чөйчөктүн» ээси . . . . . 13
Айылда көп өзгөрүү . . . . . . . 15
Мен жактырам . . . . . . . . 15
Боз кыроо . . . . . . . . . 15
Ата тапшырмасы . . . . . . . 16
Өткөн кезден бир элес . . . . . . 16
Балдар бизге данакер . . . . . . 17
Балдарга базарлык . . . . . . 17

ШҮКҮР ЖУСУЕВ

Кел, Нооруз . . . . . . . . 18
Мугалим . . . . . . . . . 19
Бактымды издейм . . . . . . . 19

АКМАТ УУЛУ ЖАНАРБЕК

Кумарлануу . . . . . . . . 19
Кыргыз салты . . . . . . . . 20

МАЙРАМ ИСМАИЛОВА

Апаке, байкамаксан болуп койчу . . . . 20
Жашоонун ар күнү майрам эмес . . . 21

КУБАНЫЧБЕК МАСЫРАКУНОВ

Пародиялар . . . . . . . . 22

БЕККАЗЫ ИСАКОВ

Менин махабатым . . . . . . . 24
Сүйүү вальсы . . . . . . . . 24

МЭЭРИМ ЖУСУПОВА

Бактыбек . . . . . . . . . 25
Кубатай . . . . . . . . . 25

ТОКТОБУБУ БЕКЕЕВА

Саймалуу таш . . . . . . . . 25

**«АЛТЫН-ЧӨЙЧӨК» кайрыктары**

Редактору Ж. Жапиев
Сүрөтчүсү Ө. Асанов
Техредактору Л. Шевченко
Корректору Д. Эстебесова

Терүүгө 13.02.1998-ж. берилди. Басууга 20.03.1998-ж. кол коюлду. Форматы $70 \times 90^{1}/_{32}$. Көлөмү 2 басма табак. Нускасы 2000 даана.

«Учкун» АКнын басмаканасында терилди жана басылды.
Бишкек шаары, С. Ибраимов көчөсү, 24.